КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ
ЫСЫК-КӨЛ ОБЛУСУ
ЖЕТИ-ӨГҮЗ РАЙОНУ

ОРГОЧОР АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН
ЖЕРГИЛИКТҮҮ КЕҢЕШИ

КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА
ЫСЫК-КУЛЬСКАЯ ОБЛАСТЬ
ДЖЕТИ-ОГУЗСКИЙ РАЙОН

МЕСТНЫЙ КЕҢЕШ
АЙЫЛНОГО АЙМАКА ОРГОЧОР

**ОРГОЧОР АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН ЖЕРГИЛИКТҮҮ КЕНЕШИНИН**
**I- ЧАКЫРЫЛЫШЫНЫН 12- КЕЗЕКСИЗ СЕССИЯСЫ**

# ТОКТОМ

2025-жылдын 13-октябры №69 Оргочор айылы

**Светлая Поляна жана Оргочор айылдарына таза суу**
**түтүгүн тартуу жөнүндө**

Кыргыз Республикасынын Жер Кодексинин 24-беренсинин 1-пунктунун 10 -пункчасынын негизинде, Светлая Поляна жана Оргочор айылдарына таза суу түтүгүн тартуу боюнча жалпы 5 км 700 метрди түзгөн Сүттү Булак айылынан Чолок Төр жайлоосуна суу түтүгүн тартып баруда 1 км 900 метр жер аянты жана дренаж каза турган 0,15 га токой чарбасына тиешелүү жер болгондуктан, Сүттү Булак айылындагы №1134 контурунда болжолдуу 0,15-0,20 сотых жерди ээлеген билетчинин үйүнө жер аянттарын алмаштыруу муктаждыгы жаралганын билдирген айыл өкмөт башчысы Н.Жусуповдун кайрылуусунун негизинде, Светлая Поляна айылынын айыл башчысы У.Искаковдун билдирүүсү угулуп жана талкууланып жергиликтүү кеңештин сессиясы токтом кылат:

1. Светлая Поляна жана Оргочор айылдарына таза суу түтүгүн тартуу боюнча жалпы 5 км 700 метрди түзгөн Сүттү Булак айылынан Чолок Төр жайлоосуна суу түтүгүн тартып баруда 1 км 900 метр жер аянты жана дренаж каза турган 0,15 га токой чарбасына жана Сүттү Булак айылындагы №1134 контурунда болжолдуу 0.15-0.20 сотых жерди ээлеген билетчинин үйүнүн жер аянтты айыл өкмөткө тиешелүү жер экендиги эске алынсын.

2. Токой чарбасына тиешелүү Сүттү Булак айылынан Чолок Төр жайлоосуна суу түтүгүн тартып баруда 1 км 900 метр жер аянты жана дренаж каза турган 0,15 га жерге Сүттү Булак айылындагы №1134 контурунда болжолдуу 0,15-0,20 сотых жерди ээлеген билетчинин үйүнө жер аянттарын алмаштырууга макулдук берилсин.

3. Сүттү -Булак айылынын тургундарын тоскоолдуксуз өткөрүп туруу жагын камсыздоо Токой чарбасына тапшырылсын. (тосмодон өткөрүүгө)

4. Токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагын айыл чарба маселелери жана финансы пландоо бюджеттин аткарылышын көзөмөлдөө боюнча туруктуу комиссиясына жүктөлсүн.

Төрага А.Тыныбеков